Каралды
Кесиптик биримдиктин
төрайымы: _______ Эшимбекова А.К.
№ 1
"30" 08 2022-ж

Бекитемин
Нурлан Рахманов атындагы
орто мектебинин директору
_______ Дюшенбаева С.Э.
01.09.2022-ж

**Нурлан Рахманов атындагы орто мектебинин эмгек жамаатынын жалпы чогулушу жөнүндө ЖОБОСУ**

**1.Жалпы жобо**

1.1. Бул Жобо Кыргыз республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын , мектептин Уставына ылайык иштелип чыккан жана мектептин эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун ишин жөнгө салат.

1.2. Мектептин эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун ыйгарым укуктарынын мөөнөтү чектелбейт.

1.3. Мектептин эмгек жамаатынын чогулушу пед кеңештин жалпы мүчөлөрү менен өткөрүлөт.

1.4. Мектептин эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун милдети – Кыргыз республикасынын мыйзамдарына ылайык, мектепти башкаруу жана билим берүү процессинин иши боюнча кызматкерлердин түздөн-түз катышуусунда өткөрүлөт .

**2. Эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун компетенциясы**

2.1. Эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун компетенциясы мектептин маанилүү маселелерин коллегиалдуу чечүү болуп саналат, атап айтканда:

- ички эмгек тартип эрежелерин иштеп чыгууга жана кабыл алууга, аларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
- мектептин кызматкерлеринин эмгек жана социалдык укуктарын коргогон, жергиликтүү ченемдик укуктук актылардын долбоорлору менен тааныштыруу;
- мектептин кызматкерлери тарабынан эмгекти коргоо боюнча эрежелерди жана көрсөтмөлөрдү сактоого, эмгекти коргоого арналган каражаттардын пайдаланылышына көзөмөлдү жүзөгө ашыруу;

2.2. Негизги уставдык иш-чаралардын тапшырмаларын аткаруу боюнча мектептин администрациясынын отчетторун угуу.

**3. Иш-чараларды уюштуруу**

3.1. Мектептин эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун ишин башкача айтканда чогулуштун төрагасы - директор жетектейт.

3.2. Мектептин эмгек жамаатынын жалпы чогулушу зарылдыгына жараша, бирок айына кеминде бир жолу чогулат.

3.3. Эгерде эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун 50% дан ашыгы катышса, педагогикалык кеңештин жыйналышы компетенттүү деп эсептелет.

3.4. Чечимдерди жөнөкөй көпчүлүк добуш менен педагогикалык кеңеш кабыл алат.

**4. Кызматкерлердин жалпы чогулушунун документтери**

4.1. Мектептин эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун жыйналыштары токтом менен тастыкталат жана чечимдери кабыл алынып, жазылат.

4.2. Мектептин эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун токтомдору мектептин архивинде 5 жылга чейин сакталат.